**Эл аралык мамилелер факультетинин Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын**
**№1-Протоколу**

**30-сентябрь, 2020-жыл**

**Катышкандар:** Окумуштуулар кеңешинин19 мүчөсүнөн 15 мүчөсү катышты.
Окумуштуулар кеңешинин төрайымы: С.С. Ибраимова
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: Г.М. Даниярова

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2020-2021-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин иш-планын бекитүү
2. Факультеттин бөлүмдөрүнүн иш-пландарын бекитүү; окуу-усулдук, илимий иштер, эл аралык байланыштар, тарбиялык иштер, кесиптик кошун, аялдар кеңеши, кафедралар жана жаштар комитети
3. Факультеттеги даярдалып жаткан программалар үчүн инфраструктура, билим берүүдөгү ресурстар менен камсыз болуусунун абалы жана проблемаларын чечүү жөнүндө
4. Ар түрдүү маселелер

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Бүгүнкү ОКнын 19 мүчөсүнөн 15 мүчөсү катышып жатат, кворум бар. Ошондуктан ОК ачык деп жарыялайм. Учурдагы кырдаалды эске алып, ОКны он-лайн режимде өтүп жатабыз. ОКнын күн тартибин бекитүү боюнча сунуштар барбы?

Анда күн тартибиндеги маселелерди бекитип койсок: «каршы», «калыс» жок бир добуштан "макул".
Регламент бекитип алсак: баяндамачыларга – 3-5 мин.,
жарыш сөзгө – 3 мин .
суроо - 1 мин.
«каршы»- жок, «калыс» -жок, "макул" – бир добуштан, "бекитилсин"

**1-маселе. 2020-2021-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин иш-планын бекитүү**

**Угулду: Окумуштуулар Кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Урматтуу коллегалар! 2020-2021-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин иш-планы менен таанышып чыгып, сунуштар болсо айтсаңыздар.

**Күн тартибиндеги 1-маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңешинин жыйыны**
**Токтом кылат:**

1.1 2020-2021-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин иш-планы бекитилсин.

**2. Факультеттин бөлүмдөрүнүн иш-пландарын бекитүү; окуу-усулдук, илимий иштер, эл аралык байланыштар, тарбиялык иштер, кесиптик кошун, аялдар кеңеши, кафедралар жана жаштар комитети**

Ар бир структура жетекчиси иш-планы менен тааныштырып чыкты. (Иш-пландар тиркелет).

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Бул маселе боюнча кандай сунуштар бар?

**Күн тартибиндеги 2-маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңешинин жыйыны Токтом кылат:**

2.1 Факультеттин бөлүмдөрүнүн (окуу-усулдук, илимий иштер, эл аралык байланыштар, тарбиялык иштер, кесиптик кошун, аялдар кеңеши, кафедралар жана жаштар комитети) иш-пландары бекитилсин.

**3-маселе. Факультеттеги даярдалып жаткан программалар үчүн инфраструктура, билим берүүдөгү ресурстар менен камсыз болуусунун абалы жана проблемаларын чечүү жөнүндө**

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, факультетибизде жалпысынан 16 окуу каанасы анын ичинде кытай таануу борбору, Сежонг институтунун каанасы, иран таануу борбору, корей тили каанасы, компьютердик класс, 2 лингафондук кабинет, япон тили борбору жана англис тили кааналары бар. Андан сырткары 3 лекциялык зал бар. Негизинен тил борборлору элчилик тарабынан берилген жабдыктар жана эмеректер менен жасалгаланып, иш алып барууда. Былтыркы окуу жылда биз ректордун колдоосу менен 2 лингафондук кабинетти студенттердин тилдерди терендетип окуусу максатында колдонууга бердик. Мындан сырткары китепкана да бар. Биз былтыр 1,5 млн. сомдук китеп сатып алуу боюнча заявка бергенбиз. Алардын баары келди. Учурда китепканачылар китептерди каттап жатышат. Жакынкы аралыкта колдонууга берилет.
Бул маселе боюнча кимде кандай сунуш бар?

**Жарыш сөзгө чыккандар: эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы, профессор К.Х. Нурдинова:** Факультетибизге берилген китептерди сатып алууда бир топ кыйынчылыктарга дуушар болдук. Себеби азыр бардык сатып алуулар тендер аркылуу гана болоору баарыбызга маалым. Ошондуктан мындан ары китептерди электрондук формада алып, ар бир кафедра өзүнүн электрондук китепканасын түзсө.

**Аймак таануу кафедрасынын башчысы, доцент К.Дж.Султанова:** Жогоруда айтылган сунушка мен да кошулам. Дагы кошумча, багыттары бири-бирине жакын болгон 3-4 окутуучу биригип, бир окуу жылында жок эле дегенде 1 китеп чыгарсак деп план койсок. Бул биз үчүн да, студенттер үчүн да абдан ыңгайлуу болмок.

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Күн тартибиндеги 3-маселени карап чыгып, берилген сунуштардын негизинде токтомду бекитип койсок. «Каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан.

**Күн тартибиндеги 3-маселени карап чыгып Окумуштуулар Кеңеши ТОКТОМ кылат**

3.1 Кафедра башчылары берген сунуштар эске алынсын;
3.2 Алдыда аткарылчу иштер күчөтүлсүн жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө тиешелүү структура жетекчилерине жүктөлсүн.

**4-маселе: Ар түрдүү маселелер.**

**4.1. 530800- Эл аралык мамилелер даярдоо программасынын “Магистр даражасындагы магистердик ишти даярдап жана коргоонун тартиби боюнча жобону” бекитүү.**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Эл аралык мамилелер кафедрасынан 530800- Эл аралык мамилелер

даярдалуу программасынын "Магистр даражасындагы магистердик ишти даярдап жана коргоонун тартиби боюнча жобону" бекитүү сунушу келип түштү.

**Күн тартибиндеги маселени** карап чыгып,

факультеттин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

4.1. 530800- Эл аралык мамилелер даярдоо программасынын "Магистр даражасындагы магистердик ишти даярдап жана коргоонун тартиби боюнча жобо" бекитилсин.

**4.2. 530800- Эл аралык мамилелер (магистр даражасы) даярдоо программасынын "Магистердик ишти даярдоо, жазуу жана коргоо боюнча методикалык сунуштарды" бекитүү.**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Эл аралык мамилелер кафедрасынан 530800- "Эл аралык мамилелер" (магистр даражасы) даярдоо багыты боюнча "Магистердик ишти даярдоо, жазуу жана коргоо боюнча методикалык сунуштарды" бекитүү боюнча кафедранын отурумунан көчүрмө түшкөн.

**Күн тартибиндеги маселени** карап чыгып,

факультеттин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

4.2. **530800- Эл аралык мамилелер** (магистр даражасы) даярдоо программасынын "Магистердик ишти даярдоо, жазуу жана коргоо боюнча методикалык сунуштар" бекитилсин.

**4.3. 530800- "Эл аралык мамилелер" (магистр даражасы) даярдоо программасынын "Магистранттардын практикасын өткөрүү тартиби боюнча жобону" бекитүү.**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Эл аралык мамилелер кафедрасынан 530800- Эл аралык мамилелер (магистр даражасы) даярдоо программасынын "Магистранттардын практикасын өткөрүү тартиби боюнча жобо" кафедрада каралып, окумуштуулар кеңешине бекитип берүүгө көчүрмө түштү.

**Чыгып сүйлөдү К.Х.Нурдинова:** 2020-2021-окуу жылында биз Эл аралык мамилелер багыты боюнча 25 магистрантты кабыл алып, группа түзүлүп, окуу процессин баштадык. Магистранттардын илимий-изилдөө, илимий-педагогикалык, илимий-өндүрүштүк жана диссертация алдындагы практиканы уюштуруу боюнча жобону кабыл алуу керек.

**Күн тартибиндеги маселени** карап чыгып,

факультеттин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

4.3. 530800- Эл аралык мамилелер (магистр даражасы) даярдоо программасынын “Магистранттардын практикасын өткөрүү тартиби боюнча жобо” бекитилсин.

**4.4. Авторлор профессор К. Исаков жана Д. Азизованын “Суфизмдин этика-эстетикалык табияты (тарыхый-философиялык анализ)” жана профессор К. Исаковдун “Философская сущность кондиционального метода” аттуу монографияларын илимий иштердин конкурсуна сунуштоо.**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, проф. К. Исаковдун илимий эмгектерин окуп чыктым. Негизинен жакшы жазылган, азыркы учурдун талаптарына ылайык жазылган. Ошондуктан ОшМУда өтүп жаткан илимий иштердин конкурсуна сунуштайм.

**Жарыш сөзгө чыккандар:** ***Доцент К.Курбанбаев:*** Бул монографиялар менен таанышып чыкканмын, азыркы билим берүү стандартында коюлган талаптарга толугу менен жооп берет. Илимий жана практикалык жактан тыгыз байланышта каралган. Илимдин тарыхы жана философиянын маани-маңызы толук камтылган. Профессор К.Исаковдун монографияларын илимий иштердин конкурсуна катышууга татыктуу деп эсептейм. Ийгиликтерди каалайм.

**Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар Кеңеши ТОКТОМ** кылат:

4.4.1. Авторлор профессор К.Исаков жана Д.Азизованын **“Суфизмдин этика-эстетикалык табияты (тарыхый-философиялык анализ)”** жана профессор К. Исаковдун **“Философская сущность кондиционального метода”** аттуу монографиялары илимий иштердин конкурсуна катышууга сунушталсын.

4.4.2. Факультеттин чечимин колдоо жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

**4.5. Автор ф.и.к., доцент Ж.А.Абдылдаевдин “Политика и менталитет” аттуу окуу куралын илимий иштердин конкурсуна сунуштоо.**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы Ибраимова С.С.:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, ф.и.к., доцент Ж.А.Абдылдаевдин “Политика и менталитет” аттуу окуу куралы менен таанышып чыктым. Негизинен жакшы жазылган, азыркы учурдун талаптарына ылайык жазылган. Ошондуктан ОшМУда өтүп жаткан илимий иштердин конкурсуна сунуштайм.

**Жарыш сөзгө чыккандар:** ***доцент Г.Токоева:*** Бул окуу куралы менен таанышып чыкканмын, азыркы билим берүү стандартында коюлган талаптарга толугу менен жооп берет. Илимий жана практикалык жактан тыгыз байланышта каралган. Саясаттын бардык тармактары, мани-манызы толук каралган. Доцент Ж.Абдылдаевдин окуу куралын илимий иштердин конкурсуна катышууга татыктуу деп эсептейм. Ийгиликтерди каалайм.

**Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар Кеңеши ТОКТОМ** кылат:

4.5.1. Автор доцент Ж.Абдылдаевдин “Политика и менталитет” аттуу окуу куралын илимий иштердин конкурсуна катышууга сунушталсын.

4.5.2. Факультеттин чечимин колдоо жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

**4.6. Доценттер Г.Аматова жана Г.Токоева тарабынан даярдалган философия предмети боюнча окуу-методикалык колдонмону КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен басмадан чыгарууга сунуштоо.**

**Угулду: факультеттин деканы саясий.и.к., доцент С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Доценттер Г.Аматова жана Г.Токоева тарабынан даярдалган философия предмети боюнча окуу-методикалык колдонмону КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен басмадан чыгарууга сунуштоо боюнча ой-пикирлериңиздер болсо айтсаңыздар.

**Жарыш сөзгө чыккандар: ф.и.к., доцент Акматова Д.А.:** Философия предмети боюнча даярдалган окуу-методикалык колдонмо менен таанышып чыктым. Колдонмодо философиянын тарыхы өтө кеңири системалуу түрдө берилген. Кыргыз тилинде чыга турган бул окуу-методикалык колдонмо студенттер үчүн өтө пайдалуу деп эсептейм. Чындыгында эле бизде философия предмети боюнча кыргыз тилинде чыккан адабияттар жокко эсе. Басмага сунуштайм.

**Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар Кеңеши**
**ТОКТОМ** кылат:
4.6.1. Доценттер **Г.Аматова жана Г.Токоева** тарабынан даярдалган философия предмети боюнча окуу-методикалык колдонмону КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен басмадан чыгарууга сунушталсын.
4.6.2. Окумуштуулар Кеңешинин чечимин колдоо жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

**4.7. Докторант С.С.Ибраимованын 2019-календарлык жыл үчүн илимий отчетун кароо.**

**Угулду: факультеттин деканы саясий.и.к., доцент С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Докторант С.Ибраимова 2019-жылда аткарган иштери менен тааныштырса. Сунуштар болсо айтсаңыздар.

Докторант С.Ибраимова 1 жылдын ичинде аткарган иштери тууралуу айтып берди.
**Жарыш сөзгө чыккандар: Ф.и.к., доцент Г. Аматова:** Докторант С.Ибраимованын 1 жылдын ичинде аткарган иштери отчетунда көрсөтүлгөн. Илимий-изилдөө иштеринде жеке иш пландагы пландаштырган жумуштардан сырткары да бир топ жумуштарды аткарыптыр. Коюлган талаптардын баарын аткаргандыгы үчүн отчетун кабыл алуу сунушун колдойм.

ОКнын мүчөлөрү сунушту бир добуштан колдошту.

**Күн тартибиндеги маселени** карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:
4.7.1. Докторант Ибраимова Сайкал Сейтакуновнанын 2019-календарлык жыл үчүн аткарылган илимий отчету кабыл алынсын.

4.7.2. Окумуштуулар Кеңешинин чечимин колдоо жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

**4.8. Бердибек уулу Чыңгыздын, Адылбек уулу Нурбектин, Раимбердиева Аида Султанбековнанын кандидаттык диссертациясынын темаларын, илимий жетекчилерин бекитип берүү жана аспирантурага тапшырууга сунуштоо.**

**Угулду: факультеттин деканы саясий.и.к., доцент С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Эл аралык мамилелер кафедрасынын окутуучусу Раимбердиева А.С. “Политическая культура и процесс демократизации общества в постсоветской Центральной Азии” деген темадагы 23.00.04- эл аралык мамилелердин, глобалдык жана региондук өнүгүүнүн саясий проблемалары адистиги боюнча, илимий жетекчиси саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Жолборс Жоробековичти, аймак таануу кафедрасынын улук окутуучусу Адылбек уулу Нурбектин “Государство Юго-Восточной Азии в мировых и региональных политических процессах” деген темадагы 23.00.02- саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жана илимий жетекчиси с.и.д., профессор Абдрашев Акунжан Баказовичти, кесиптик чет тилдер кафедрасынын окутуучусу Бердибек уулу Чыңгыздын “Политические отношения между Кыргызской Республикой и Турцией: состояние и перспективы” деген темадагы 23.00.02- саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жана с.и.д., профессор Омукеева Джумакан Алинуровнаны илимий жетекчи кылып бекитип берүү сунушу түшкөн. Кимде суроолор же сунуштар бар?
**Жарыш сөзгө чыккандар: с.и.к., А.Мусаева: А.**Раимбердиеванын сунушу боюнча суроом бар эле. Сиз тандаган тема илимий жетекчиңиздин шифрине туура келеби? Эгер туура келбесе сизде кийин проблемалар болушу мумкун.
**Раимбердиева А.С.:** Бул боюнча илимий жетекчи менен кенештим. Туура келет.

ОКнын мүчөлөрү бул сунушту толугу менен колдошту.

**Күн тартибиндеги маселени** карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:
4.8.1. А.С.Раимбердиеванын “Политическая культура и процесс демократизации общества в постсоветской Центральной Азии” деген темадагы 23.00.04- эл аралык мамилелердин, глобалдык жана региондук өнүгүүнүн саясий проблемалары адистиги боюнча, илимий жетекчиси саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Жолборс Жоробековичти, аймак таануу кафедрасынын улук окутуучусу Адылбек уулу Нурбектин “Государство Юго-Восточной Азии в мировых и региональных политических процессах” деген темадагы 23.00.02- саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жана илимий жетекчиси с.и.д., профессор Абдрашев Акунжан Баказовичти, кесиптик чет тилдер кафедрасынын окутуучусу Бердибек уулу Чынгыздын “Политические отношения между Кыргызской Республикой и Турцией: состояние и перспективы” деген темадагы 23.00.02- саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жана илимий жетекчиси с.и.д., профессор Омукеева Джумакан Алинуровна бекитилсин.
4.8.2. А.С.Раимбердиева, Бердибек уулу Чынгыз жана Адылбек уулу Нурбекти аспирантурага тапшыруусу сунушталсын.

**4.9. Философия жана политология кафедрасынын аспиранттары Нурбаев Азамат Сайдуллаевичтин, Бойтоева Салтанат Саитовнанын, Кыдырмышева Бактыкан Токтомаматовнанын 2020-окуу жылы үчүн илимий отчётторун кароо.**

**Угулду: факультеттин деканы саясий.и.к., доцент С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Философия жана политология кафедрасынын аспиранттары А.С.Нурбаевдин, С.С. Бойтоеванын, Б.Т.Кыдырмышеванын 2020-жылда аткарган иштери менен таанышып чыктым. Диссертациялык изилдөөсүнүн темасы боюнча илимий адабияттарга анализ жасалып жана илимий макалалардын үстүндө иштеп жаткандыктарын белгилеп кетиште. Иштерине ийгиликтерди каалайбыз! Ар бир аспирантка 2 мин. убакыт берсек, аткарган иштери боюнча кыскача айтып беришсе.

**Жарыш сөзгө чыккандар: Ф.и.к., доцент Г. Аматова:** Жогоруда аты аталган аспиранттар илимий жетекчилери менен тыгыз байланышта иштеп жатышыптыр. Аткарган иштери өздөрүнүн отчетунда көрсөтүлгөн. Мен да бир жылдык илимий иштерин канааттандыраарлык деп Окумуштуулар кенешинин мүчөлөрүнүн сунуштарына кошулам.

ОКнын мүчөлөрү сунушту бир добуштан колдошту.

**Күн тартибиндеги маселени** карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

4.9. Аспиранттар **Нурбаев Азамат Сайдуллаевичтин, Бойтоева Салтанат Саитовнанын, Кыдырмышева Бактыкан Токтомаматовнанын** 2020-окуу жылы үчүн 1 жылдык илимий отчёту канааттандырарлык деп табылсын жана аттестациядан өттү деп эсептелинсин.

**4.10. Эл аралык мамилелер факультетинин аймак таануу кафедрасынын башчысы кызматына шайлоо өткөрүү.**

**Угулду: факультеттин деканы саясий.и.к., доцент С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Аймак таануу кафедрасынын башчысы кызматына шайлоо боюнча бир сунуш келип түшкөн. Султанова Кулсара Джумабековна биздин факультетте көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Баарыбыз билгендей, бул жылы аймак таануу кафедрасы эл аралык аккредитациядан ийгиликтүү өттү. Мында Кулсара Джумабековнанын эмгеги зор. Бул маселеге карата сунуш, пикириңиздерди билдирип койсоңуздар. Кимде кандай сунуш бар? Кошумчалап кетчу жагдай азыркы шартка байланыштуу добуш берүү гугл форманын жардамында болот. Азыр сиздерге шилтемени жөнөттүк. Ошол боюнча добуш берип койсонуздар.

**Жарыш сөзгө чыккандар: эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы, профессор К.Х. Нурдинова:** Шайлоо өткөрүү үчүн эсептөө комиссиясын шайлап алыш керек. Ар бир кафедрадан бирден окутуучуну бекитсек.

**Эсептөө комиссиясынын төрагасы: Эркебаев Э.М.**

Мүчөлөрү: Адылбек уулу Нурбек жана Култаев А.К.

Аймак таануу кафедрасынын башчысы кызматына Окумуштуулар кеңещинин мүчөлөрү тарабынан добуш берилип, 12 добуш менен шайланды.

**Күн тартибиндеги маселени** карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

4.10.1. Эл аралык мамилелер факультетинин аймак таануу кафедрасынын башчысы кызматына К.Дж. Султанова шайлансын.

4.10.2. ОКнын чечими колдоо таап, ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитилсин.

**4.11. 530800- Эл аралык мамилелер (магистр даражасы) даярдоо программасынын “2020-2025-жылдарга билим берүү программасынын өнүгүү стратегиясын” бекитүү.**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Эл аралык мамилелер кафедрасынан 530800- Эл аралык мамилелер (магистр даражасы) даярдалуу багыты боюнча “2020-2025-жылдарга билим берүү программасынын өнүгүү стратегиясын” бекитүү боюнча сунуш келген.

**Күн тартибиндеги маселени** карап чыгып,

факультеттин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

4.11. **530800- Эл аралык мамилелер** (магистр даражасы) даярдоо программасынын “2020-2025-жылдарга билим берүү программасынын өнүгүү стратегиясы” бекитилсин.

**4.12. 530800- Эл аралык мамилелер даярдоо программасынын “Магистранттардын оз алдынча иштери боюнча жобону” бекитүү.**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Эл аралык мамилелер кафедрасынан 530800- Эл аралык мамилелер даярдалуу программасынын “**Магистранттардын оз алдынча иштери боюнча жобону”** бекитүү сунушу келип түштү.

**Күн тартибиндеги маселени** карап чыгып,

факультеттин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

4.1. 530800- Эл аралык мамилелер даярдоо программасынын “**Магистранттардын оз алдынча иштери боюнча жобосу”** бекитилсин.

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы:** **С.С.Ибраимова**

**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **Г.М.Даниярова**

ДЕКАНАТ